УДК:94.340.15(575.2).

*Кариев Айитмамат, ф.и.д.*
*Манас университети Бишкек шаары*

# КОКОН ХАНДЫГЫНЫН СОТТУК СИСТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

# GENERAL INFORMATION ABOUT JUDICIAL SYSTEM OF HOKAND KHANATE

***Аннотация:*** *Кокон хандыгы 1709-1876-жылдары Орто Азиянын Фергана чөлкөмүндө жайгашкан жана анын борбору Кокон шаары болгон. Хандыктын негиздөөчүсү миң уруусунун жетекчиси Шахрух бий болгон жана Кокон хандыгы кээ бир булактарда "Фергана хандыгы" деп да аталууда. Кокон хандыгындагы соттук иштер мурдагы ислам өлкөлөрүндөгүдөй эле негизинен казы, аълам, муфтий, мырза сыяктуу мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүп келген.*

*Бул макалада Кокон хандыгындагы жогорку сот, казы аль-аскардык соту, мухтасибдик соту, казы аль-каландык соту жана казылык сотторунун түзүлүшү жана иштөө системасы, бул мекемелерде иштеген кызмат ээлеринин өз кесиптерине байланычтуу укук жана милдеттери, ишке алынуусу жана иштен бошотулуусу, иштеги жетишкендиктери үчүн даражасынын көтөрүлүүсү ж.б. ушул сыяктуу темалар каралмакчы.*

***Abstract:*** *Hokand Khanate was a state located in Fergana Valley which was the ascendent between 1709-1876 years in Central Asia. Capital city of the Khanate was Hokand. The founder of the Khanate was Ming tribe member named Shahruh. The state which established by Sharuh in 1709 known as "Hokand Khanate" and also "Fergana Khanate". In the Hokand Khanate, juridiction was executed by titled goverment employers like "kâdı", "a'lam", "mufti" and "mırza" as in the previous first Islamic states.*

*In this article authorities, assigments, promotions and dissmissals of goverment employers who execute jurisdiction "jogorku sot", "kazı al-askar", "muhtasib", "kazı al- kalan" and "kazılık" and will be examined.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кокон хандыгы, жогорку сот, казы аль-аскер, мухтасиб, казы-аль-калан, казы, аълам, муфтий, мырза.*

***Key words:*** *Hokand Khanate, jogorku sot, kazı al-askar, muhtasib, kazı al-kalan, kazı, a'lam, mufti, mırza.*

**Киришүү** Орто Азия тарыхы тууралуу жазылган тарых китептеринде Бухара жана Хива хандыгы менен бирге борбору Кокон шаары болгон Кокон хандыгы, Фергана чөлкөмүндөгү миң уруусунан чыккан Шахрух Бий тарабынан 1709-жылы түптөлүп, андан соң 1876-жылына чейин тарыхтан өз ордун ээлеп келген.[1] Кокон хандыгы түндүк жагынан Акмечит, түштүк жагынан Хужанд, түндүк чыгышта Кашгар, Аксуу, Үчтуфан, Жаңышаар, Яркент, Хутан, түштүк батышта Күлап, Каратегин, Дарваз жана Самаркант шаарлары менен чектешип турган. Өзөчө XIX кылымдын башында Алым хан жана Мухаммедали хан доорунда Ташкент жана Яси шаарларын да өз ичине алып, көз кыйыры жетпеген эбегейсиз Балхаш көлүнө чейинки өрөөндү ээлеп турган. Кыскача айтканда, Кокон хандыгы азыркы Өзбекстан, Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан мамлекеттеринин негизги бөлүгүндө өкүм сүрүп турган. Кокон хандыгы 1876-жылы орус падышачылыгынын карамагына киргизилип *"Фергана Аймагы"* деп аталып калган.

Кокон хандыгынын өзүнө тийешелүү башкаруу системасы,[2] таалим-тарбия жана билим берүү системасы,[3] тарыхий өтмүшү,[4] вакф культурасы[5] жана соттук системасы[6] болгон.

---

[1] В. И. Наливкин, *Краткая История Кокандского Ханства*, Казан: Типография Импараторскаго Университета, 1886, 49, 50, 51, 56, 58-б; Исхакхон Төрө Ибрет, *Тариху Фаргана*, Ташкент: Маънавиёт , 2005, 7, 8, 13-б; Ү. Булдук, *Хоканд Ханлыгы ве Ибретин Фергана Тарихи*, Анкара: Берикан Басмаканасы, 2006, 14-15, 17-18, 21, 22-23, 26-б; З. Магзуний (Максым), *Фергана Хандарынын Тарыхы*, Бишкек: Турар Басмаканасы, 2007, 221-222-б.

[2] А. Абдурахимова-М. С. Исакова-З.М. Сулайманова, *Давлат Муассасалари Тарихи*, Ташкент, Шарк Нашриёт, 2007, 50-б; H. Ziyaev, *Türkistan'da Rus Hâkimiyetine Karşı Mücadele,* Çev., A. Çelikbay, Ankara: Türk Tarih Kurumu, 2007, s. 27-28; Т. К. Бейсембиев, *Кокандская Историография*, Алматы: ТОО "Print-S", 2009, 21-52-б; *Тарихи Шахрухий Как Исторический Источник*, Алматы: Издательство "НАУКА" Казахской ССР, 1987, 42-52-б.

Хандык, негизинен, хан сарай (ак үй), аскерий жана соттук башкаруу болуп үч негизде башкарылып келген. Хан сарай жана аскерий бөлүмдөй эле диний бөлүмдүн да хандыктын башкаруу системасында ээлеген орду өтө маанилүү болгон. Диний бөлүмдүн башында шейху аль-ислам турган. Андан кийинки даражада казы аль-калан турган жана хандыктагы бардык шариятка негизделген соттук мекемелер анын көзөмөлүндө иш жүргүзүп келишкен.

## I. Жогорку сот

Бухара хандыгында болгондой эле Кокон хандыгында да жогорку сот бар эле жана мамлекеттин стабилдүүлүгүнө коркунуч келтирген саясий маселелер, налог төлөбөө, падышаны тахтан түшүрүү өңдүү маселелер ушул мекеме тарабынан өкүм буюрулуп, ошол эле убакта мекемени хан өзү башкарып турган.

Умар хандын (1812-1822) доорунда жогоруда айтылган маселелер менен бирге, ошол эле убакта карапайым калктын да ар түрдүү арыз-доосун, бир гана хан тарабынан бир бүтүмгө байлануусу мунун эн айкын далили.[7] Жогорку сотту көзөмөлдөө хандардын өз инциативасына байланыштуу болгон. Кээ бир хандар бул инциативасын өз колуна алып мекемени өздөрү башкарса, кээ бир хандар бул инциативасыны бүткүл казыларды башкарган баш казыга оодарып беришкен. Мурад шах (1845) доорунда хан сарайда жогорку сот курулуп, ал мекемеде фикх илимин мыкты билген 40 аалым (факих), муфтий, мухтасиб, садр бул жаатта иш алып баргандыгы жазылып калган.[8]

## II. Казы аль-аскар соту

Аскерий жааттагы арыз-доолорго өкүм чыгарып турган казы аль-аскерлер бүткүл казыларды башкарып турган баш казыга баш ийбестен, алар өз алдынча иш алып барышкан. Казы аль-аскерлердин укуктары жана милдеттери жоонун согуштагы позициясын белгилөө, согушта колго киргизилген мал-мүлктү (каниймет) бөлүштүрүү, согушта жана жалпы эле аскерий багыттагы арыз-мундарга өкүм чыгаруу болуп саналган.[9]

Мындан сырткары согуш болбогон убакта согушка тиешелүү болбогон күнүмдүк доолорго да өкүм чыгарып турушкан. Казы аль-аскерлер менен бирге бул багытта иш алып барган казы аль-жиллов деп аталган казылар да болгон. Бул казылар негизинен

---

[3] К. Каттаев, *Самаркант Мадрасалари ва Иълму Фан Риважи*, Самаркант: Зарафшан Басмаканасы, 2003; S. Erşahin, *Buhara'da Cedidçilik Eğitimi Reformu-Münazara ve Hind Seyyahının Kıssası,* Ankara: T. C. Kültür Bakanlığı, 2000; *Buhara'da Ceditçilik Eğitimi Islahatı Tartışmaları ve Abdurrauf Fıtrat,* Dinî Araştırmalar, Ocak-Nisan, 1999, c. 1, sy. 3, ss. 213-255; M. Egamberdiev, *Çarlık Rusya'nın Türkistandaki Eğitim Politikası*, Gâzi Üniversitesi Kırşehir Eğitim Fakültesi, c. 6, sy. 1, (2005), ss. 103-108.

[4] Мухаммад Хакимхон, *Мунтабу ат-Таварих*, Ташкент: Янги Аср Авлоди Басмаканасы, 2009; Ниёз Мухаммед Хукандий, *Ибрату аль-Хавакин (Тариху Шахрухий)-Худоёрхон Авлодлари Тарихи,* Ташкент: Турон Замин Зиё Басмаканасы, 2014; Исхакхон Төра Ибрат, *Тариху Фаргана*, Ташкент; Маънавиёт Басмаканасы, 2005; T. Kenensariev, *The Kyrgyz and Kokand Khanate*, Osh: The Osh State University, 2000; Мирзо Олим Мушриф, *Ансабу ас-Салатин ва Тавариху аль-Хавакин (Кукон Хонлиги Тарихи)*, Ташкент: Гофур Гулом Номидаги Адобиёт ва Санъат Нашриёти, 1995; Мирзо Олим Махмуд Хожи,, *Тарихи Туркистон*, Ташкент: Янги Аср Авлоди, 2009; З. Магзуний (Максым), *Фергана Хандарынын Тарыхы*, Бишкек: Турар Басмаканасы, 2007; Х. Н. Бабабеков, *История Коканда*, Ташкент: Фан, 2006; М. Бабажанов, *Кокандское Ханство; Власть, Политика, Релегия,* Токио-Ташкент: Nihu Program İslamic Area Studies Center At The University Of Tokyo (TİAS) и Институт Востоковедения Акакдемии Наук Республики Узбекистан, 2010; В. И. Наливкин, *Краткая История Кокандсого Ханства*, Казан: Типография Импараторскаго Университета, 1886; Т. К. Бейсембиев, *Кокандская Историография*, Алматы: ТОО "Print-S", 2009; *Тарихи Шахрухий Как Исторический Источник*, Алматы: Издательство "НАУКА" Казахской ССР, 1987.

[5] Р. Н. Набиев, *Вакфное Хозавйство Кокандского Хозайства*, Ташкент: Институт Востоковедения им. Абу Райхана Беруний-Институт Истории Народов Средней Азии им. Махпират, 2010.

[6] Н. Эшонова, *Орта Осиёда Козилик Судлари Фаолиятининг Хукукий Асослари (XIX-Асрниг Иккинчи Ярими ва XX-Асрнинг 20-йиллари)*, Ташкент: Фан ва Таълим Полиграф Басмаканасы, 2010.

[7] Магзуний, 50-б.

[8] Содиков-Шамсутдинов-Равшанов-Усманов, 46-б.

[9] Сооданбеков, 59-б.

аскерлердин жана элчилердин аттарынан жооптуу болуп, негизи эле ушул тармактагы маселелерде өкүм чыгарууга укуктуу болушкан.[10]

**III. Мухтасибдик сот (Хисба мекемеси).**

Кокон хандыгында жумурай журттун бейпилдиги жана туруктуу жашоосунун социалдык кепилдигинен жоопко тартылган мухтасибдик (хисба) сот мекемеси бар эле. Бул мекемени башкарган адамга *“мухтасиб”* наамы ыйгарылган жана кээ бир булактарда *“раис”*[11] деген ысым да берилгендиги жазылган. Муну менен бирге башка маалыматтарда таъзир жазалары аткарууга укуктуу болгондугу үчүн *“кады раис”*[12] түрүндө да тилге алынып келген. Бул мекемеде мухтасибден сырткары *“корбашы”, “жүзбашы”, “миршаб”, “тилчи”, “узун кулак”*деген адамдарда орун алган жана булардын иштеген жерлери *“миршабхана”* деп аталган. Миршабханаларда кыска мөөнөнткө эркинен ажыратылып көпүрө куруу, каналдарды тазалоо, шаарды кайтаруу сыяктуу коомдук иштерде иштетилүүчү ишчилер орун алган.[13]

Мухтасиб-имамдын жамаат менен намаз окуусун, мектептердеги таалим-тарбия иштеринин жүргүзүлүшүн, окуучулардын мугалимдерине болгон мамилелерини, базарда сатылган нерселердин килограммын жана баасын тыкыр көзөмөлгө алып турган. Өзгөчө эркектердин баш кийимсиз (селдесиз) жүрүшүн, аялдардын эркектердин көңүлүн буруучу түстөгү кийимдерди кийүүсүн да көзөмөлдөп турган. Эркек жана аялдардын үй-бүлөлүк мамилеси туурасындагы туура эмес көрүнүштөрдө эки тарапка эскертүү берет эле.[14] Мухтасибдик кызмат кээде атадан балага мурас катары өткөрүлүп турган. Мухтасиб жардамчы жана кызматчылары менен бирге шаар жана шаарчаларды аралап, коомдук тартипти бузган кунөөлү-(кылмышкер) инсандарды кээ бир аяттарды окугандан соң, аларды дарра (камчы) менен башта акырын, анан катуу уруп жазалаган. Күнөөлүүлөрдү жазаландырып жаткан учурда көп кан жоготуп, ошонун негизинде каза боло турган болсо, анда мухтасибдин кызматкери кун төлөөгө мажбурланган эмес.[15]

Мухтасибдик мекемесинин ичинде кечиндеси калктын тынчтыгынан жооптуу атайын корбашы бөлүмү болгон. Анын милдеттерини кыскача шам намазынан кийин калкты үйүнө киргизүү, соодагерлерге дүкөндөрүн жаптырып үйүнө кайтаруу, душмандар шаарды басып алууга аракеттенген учурда элге бул туурасындагы маалыматтарды жеткирүү болгон деп айтууга болот. Корбашылардын кол астында жүз башылар, жүз башылардын кол астында миршабдар орун алган. Ал эми миршабдардын эсеби шаардын же шаарчанын кичи же чоң болушуна, же болбосо мамлекеттеги саясий туруктуулук же туруктуусуздук абалына карап алмашып турган. Бул тема туурасында Ташкент шаары Чар (Чаризм) империясы тарабынан басып алынган убакта (1865), бул шаарды 100 миршаб коргогондугу жөнүндөгү маалыматтарды кезиктирүүгө болот.[16]

Хисба мекемесинде тилчи жана узун кулак деген кызматчылар да болгон. Тилчи-ошол аймактагы ар түрдүү диний-саясий кабарларды, уурулук кылмыштарды, азарт оюндарынын натыйжасында пайда болгон кылмыштарды, зынакорлордун жаман жооруктарын жана мамлекеттин стабилдүүлүгүнө коркунуч туудурган пропагандаларды мухтасиб жана корбашыга жеткизип турган. Эгерде, мухтасиб менен корбашы маселени

---

[10] У. Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили,* Узбекистон Республикасси Олий ва Орта Махсус Таълим Вазирлиги Захириддин Мухаммад Бобур Номли Андижон Давлат Университети, Фаргона Водиси Тарихи Янги Тадкикотларда-Республика Иламий Амалий Конферансияси Материаллари, Андижон: 24-Февраль, 2015, 132-б.

[11] Сооданбеков, 95, 59-б.

[12] Н. Ханыков, *Описание Бухарскаго Ханства*, Санк Петербург: Импараторской Академии Наук, 1843, 191-192-б; Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили*, 132-б.

[13] Н. П. Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, Ташкент: Типо-Литография торг. Дома “Ф. и Г. Бр. Каменские”, 1896, 59-60-б. Крафт, 60-б.

[14] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 61-б.

[15] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 268-269, 262, 269-270-б; Азимова-Исакова-Сулейманова, 49-б.

[16] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 61, 268-б.

чечүүдө бир бүтүмгө келе албаса, анда бул маселе ошол шаардын же шаарчанын акимдери тарабынан чечилген. Узун кулак болсо бир гана Орозо айында кечинде ачык болгон базарлардагы проблеммаларды мухтасибке жеткизип турган.[17]

**IV. Казы аль-калан соттук мекемеси**

Кокон хандыгындыгын отурукташкан аймактарында соттук иштерди негизинен казылар аткарып келишкен. Мурдакы Ислам өлкөлөрүндө казылар халифа тарабынан ишке дайындалса, кээ бир халифалар бул укугун кол астында иштеген вазир, аким, казы аль-кузат өңдүү кызматкерлерине оодарып беришкен. Ислам өлкөлөрүндө халифа негизинен казыларды ишке алуу, иштен айдоо жана ишиндеги жетишкендиги үчүн ишинде жогорулатуу сыяктуу маселелерди көзөмөлдөө үчүн, атайын бул укуктарга ээ казы аль-кузаттарды шайлап турган.

Кокон хандыгында казы аль-кузат терминининин оордуна казы аль-калан термини колдонулган. Казы аль-калан сөзү арапча *"казы"* жана фарсча *"калан"* деген сөздөрдөн куралып *"баш казы", "чоң казы"* деген маанини туюндурган. Казы аль-калан соттук мекемеси, негизи Бекмирзаевдин X-XII кылымдарга таандык Самаркант жана Бухара шаарларынын архивдик материалдарыны изилдөө учурунда көрсөткөн *"дивану аль-казаа" (шариаттык сот мекемеси)* мекемесине да окшош эле. Бул мекемеде арыз ээси менен доогердин арасындагы *"сакку аль-акаар", "диййа (кун)", "уруyз", "вакф", "шуфъа"* ж.б. ушул сыяктуу маселер жөнүндө чечим кабыл алынып турган. Дивану аль-казаада *"казы", "наибу аль-казы", "муфтий", "факих"*-деп аталган кызматчылар болуп, доолор туурасында алынган чечимдерди казынын *"тазкира"* же *"харитату аль-казы"*-деп аталган дептерге катталып турулган.[18]

Эски фикх китептеринде харитату аль-казы терминин оордуна диивану аль-казы термини колдонулуп, суу өткөрбөгөн бул идиште казылардын чыгарган өкүмдөрү, сижиллааты, мекемеге кайрылган арыздар сакталган. Казы аль-калан хан тарабынан кызматка алып келинип, бүтүндөй хандыктагы шарияткa негизделген сот иштери анын моюнуна жүктөлүп, анын бул кызматына өз ажалы менен өлгөндө гана чекит коюлган.

Казы аль-каландын милдеттери шаръий сот мекемелерине ишке кирүүнү каалагандарды сынактан өткөрүү, сынакты жеңип алгандарды хан же акимге кайрылуу аркылуу ишке алдыруу, хандыктагы баардык казыларды топтоп жыйын өткөрүү жана ошол жыйынды жетектөө, казылар чече албаган эң оор маселелерди карап чыгып өкүм чыгаруу болуп саналган. Кыскасы казы аль-аскар жана казы ар-раистерди да үстүртөн көзөмөлдөп турган казы аль-калан, күнүбүздөгү жогорку соттун жана арбитраждык соттун кызматтарын толук болбосо да көбүнесе аткарып келген.[19]

**V. Шаръий сот мекемеси (Шариатка негизделген сот мекемеси)**

Кокон хандыгындагы шариатка негизделген сот мекемелери казы аль-каландык мекемесинин кол астында иш алып барчу жана бул мекемелерди казылар жетектеп турган. Мекеме казы, анын астында аълам, анын астында муфтий, андан кийин мирзанын (катип-катчы) орун алуусу абалында түзүлгөн. Мекемедеги кызматчылардын саны мекеменин шаар же айыл жергесинде жайгашуусуна карап өзгөрүп турган.

---

[17] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 62, 68-б.

[18] И. И. Бекмирзаев, *Казийские Учреждения в Мавераннахре: Возниковение и Развитие-Исторической и Правовой Анализ*, Вестник Чельябинского Государственного Университета, 2012, 33-чыг., 130-134-б.

[19] S. Erşahin, *Türkistan'da İslam ve Müsülmanlık*, 2. Baskı, Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, 2007, s. 52; С. С. Сооданбеков, *Общественний и Государственний Строй Кокандсого Ханства*, Бишкек: Кыргызский Национальный Университет Юридический Институт, 2000, 57-59, 95, 117, 119-б; аш-Шариф Али б. Мухаммед аль-Журжаний, *Китабу ат-Таърифат*, 1. Басма, Байрут: Дару аль-Кутубу аль-Иълмиййа, 1983, 177-б; M. Kanar, *Büyük Farsça-Türkçe Sözlük*, İstanbul: Birim Yayıncılık, 1993, s. 497; Мирза Шамс Бухарий, *О Некоторые Событиях в Бухаре, Хоканд и Кашгар*, Казан: Учения Записки Казанскаго Унивемитета, 1861, 165-б; Ниёз Мухаммед Хукандий, 461, 629-б; Мухаммад Газий Маргинаний-Р. Файзуллаев-Н. Абдулахатов, *Хожахон Хожа Ражъий Маргинаний*, Ташкент: Ношир, 2016, Muhammed Gâzi Merginanî, – R. Fayzullaev – N. Abdulahatov, *Hocahan Hoca Racî Merginanî,* Taşkent: Noshir, 2016, 17-18, 206, 212-б; С. К. Кожоналиев, *Суд и Уголовное Обычное Право Кыргызов до Октябрьской Революции,* Фрунзе: Издательство Академии Наук Кыргызской ССР, 1963, 38-б; Эшонова, 9, 11, 15-б.

Хорошкиндин изилдөөсүндө 1876-жылы Ташкент шаарынын Себзар шаарчасынын шариаттык сот мекемесинде 1 казы, 3 аълам, 10 муфтий иш жүргүзгөндүгү аныкталган.[20] Шариаттык сот мекемелери туурасында Хижрий 1339-жылына (22-жумааду аль-увлаа) таандык Кокон ханы Султан Саййид хандын Ташкеттеги вакфынын вакфнаамасында *"махкамаи шаръийа тарофидан тасдик килинди*[21] *деп махкамаи шаръийа раиси Хусниддинхон Ахмадий"* деген архивдик материалдар да кездешүүдө. Кээбир булактарда бул шарматтык сот мекемеси *"казыкана"* деп да аталып келген.[22]

Хандыктагы бул мекемедердин иштөө тартиби жабырлануучу же доогердин арыз менен же оозеки түрүндө мекемеге кайрылуусу, мекемеде иштеген муфтийлердин тема менен байланыштуу болгон фатваларды аъламга жеткирүүсү, аъламдын бул фатваларды Ислам дининин негизги принциптерине шайкештигин текшерип чыгып мөөрүн басып казыга жеткизүүсү, казынын бул фатваны эң акыркы текшерүүдөн өткөрүп казаий (укуктук мыйзам маанисиндеги өкүм) мааниде фатваны мыйзамдаштыруусу, мирзанын бул өкүмдүн 2 нускасын даярдап жабырлануучу жана доогерге бирден берип, түпкү нусканы казынын өкүм дептерине тиркеп коюусу түрүндө иштеген.[23]

## VI. Шариаттык сот мекемесинин кызматкерлери

### A. Казы

Казы сөзү Арап тилиндеги уңгу абалында *"арасында өкүм чыгаруу", "мажбурлоо", "пайдасына өкүм чыгаруу"* деген маанини билдирсе,[24] ысым абалында *"өкүм", "чечим"* ж.б. маанилерди туюндурат.[25] Терминдик маанисини болсо *"Адамдардын ортосундагы мүшкүлдөрдү фикх илимининин негизинде бир чечимге байлаган, хан же хандын кызматчылары тарабынан расмий түрдө шайланып казылык кызматыны желкелеген, бул тармакта адлий (фатва) жана казаий (каза) укука ээ болгон орган"*[26] -деп белгилөө мүмкүн.

[20] К. Давлетшин, *Отчет Капитана Давлетшина по Командировка в Туркестанский Крае и Степния Области для Ознокомления с Деятельность Народных Судов*, С. Петерберг: М. М. Стасюлевич, 1901, 36-37-б; В. Наливкин-М. Наливкина, *Очерк Быта Женщины Оседлаго Туземнаго Населения Ферганы*, Казан: Типография Императорскаго Университета, 1886, 56-б; Сооданбеков, 119-120-б; П. Хорошкин, *Очерки Ташкента-Сборник Статей Касаюшихся до Туркестансого Края,* С. Петербург: Типография и Хромолитография Л. Трайщеля, 1876, 91_б.

[21] У. Султонов, *Кукон Хони Султон Саййидханнинг Тошкендаги Вакфномаси Хакида*, Фаргона: Фаргона Водийси Янги Тодкикотларда, 2009, 198-б.

[22] У. Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили*, Узбекистон Республикасси Олий ва Орта Махсус Таълим Вазирлиги Захириддин Мухаммад Бобур Номли Андижон Давлат Университети, Фаргона Водиси Тарихи Янги Тадкикотларда-Республика Илмий Амалий Конферансияси Материаллари, Андижон: 24-Февраль, 2015, 131-132-б; Ф. Атаханов, *Кукон Хонлигидаги Диний Унвон ва Мансаблар*, Имом аль-Бухарий Сабоклари, 2010, 3-чыг. 214-216-б.

[23] Наливкина-Наливкина, 56-б; Мухаммад Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 11-б; Сооданбеков, 119-б; Н. И. Потанин, *Кыргызские Степи Кокандского Ханства в Начале XIX Столетия по Описанию Губерскаго Правления*, 1092, 223-б; К. К. Пален, *Отчет по Ревизии Туркестанскаго Края Произведенной по Высочайщему Повелению Сенатором Гофмейстром Графом К. К. Паленом-Народные Суды Туркестанскаго Края,* С. Петербург: Сенатская Типография, 1909, 5-б; Давлетшин, 36-37-б; А. Мухтарова, *Материалы по Истории Ура-Тюбе: Сборник Актов XVII-XIX вв.* Москва: Издательство Восточный Литературы, 1963, 40-б. Эшонова, 10-б; Мухаммед Хакимхон, 97, 203-б; Ф. Ходжаев, *Избранные Труды*, Ташкент: Фан, 1970. 82-б.

[24] Ибрахим Увайс-Абдулхалим Мунтасыр-Атиййа Саралихи-Мухаммед Халфуллах Ахмед, *Муъжаму аль-Васит*, 2. Баскы, Стамбул:аль-Мактаба аль-Исламиййа, 2-т. 742-б; S. Mutçalı*, el-Mu'cemü'l-Arabiyi'l-Hadîs*, İstanbul: Dağarcık Yayınları, 1995, s. 713;

[25] el-Curcânî, s. 177; M. Erdoğan*, Fıkıh ve Hukuk Terimleri Sözlüğü,* 2. Baskı, İstanbul: Ensar Neşriyat, 2005, s. 298.

[26] Erdoğan, s, 283; Curcânî, s. 177; Maraşiylâ, s. 932; Şeyhülislâm Burhanuddin Ebi'l-Hasan Ali b. Ebibekr b. Abdilcalîl er-Rişdânî el-Mergînânî, *el-Hidâye Şerhi Bidâyeti'l-Mübtedi*, İstanbul: Dâru'l-Kahraman, 1986, c. 3, s. 101.

Кокон хандыгында казылар хан же анын кызматчылары тарабынан шайланып,[27] сот системасындагы туруктуулукту сактоо максатында негизинен өлгүчө бул кызматта калышкан. Мир Фузайл б. Ахунд Дамылла Салихтин Алым хан тарабынан (1798-1810) Хижрий 1225-жылдын Жумадий аль-увла айында (1810-Июнь) Ташкент казылыгына шайланышы,[28] Молдо Салихбек Ахунддун Шерали хан (1842-1844) жана Малла хандын доорунда хандын кеңешчилиги кызматына, андан соң раистикке, андан кийин казылык жана казы аль-каландык кызматына хандын өзгөчө жарлыгы менен дайындалышы,[29] Абдуррахманбек хан (1845) доорунда Махмуд Кожо Эшендин Ташкент шаарынын Себзар шаарчасынын эски казысы Иса Кожонун ордуна кызматка келтирилүүсү,[30] Мухаммед Салих Кожонун ошол эле Ташкент шаарынын Сейхантур шаарчасына 1864-жылы Султан Сайийд хан доорунда казы болушу,[31] Хаким Кожо казы аль-каландын Ташкент шаарындагы казы аль-каландык кызматына Султан Сайийд хан тарабынан дайындалуусу[32] менен темага байланычтуу кээ бир мисалдарды айта кеткенибиз орундуу болот деген пикирдебиз.

Маргинандык Хожохан Кожо Ражъий Маргинанийдин 40, Самарканттык Мир Абдулхан Кожонун 27, Кокондук Сайийд Ахмад Кожо Бузурктун 22, Андижандык Атабек Убайдулла уулунун 21, Маргинандык Шах Умар Бабажан уулунун 18, Самарканттык Валий Кожо Аваз Ажынын 14, Оштук Тажумухаммед Бахадыр уулунун 11 жыл бою шариаттык сот мекемелеринде кызматта туруусу, албетте ошол доордун сот мекемелериндеги туруктуулукту айгинелейт.[33]

Мамлекеттин стабилдүүлүгүнө коркунуч туудурган маселелер, ханды тахттан түшүрүү, налог төлөбөө темаларынан башка баардык диний маселелерде казылар өкүм чыгарууга укуктуу болгон. ФОКМ[34] архивдерини изилдөө учурунда казы жана казыканада иштеген башка кызматчылардын иштери *“китабу ас-сукуук ва ас-сижиллаат”, “дар забти аль-васааик ва ар-риваят ва аль-махдараат”, “катъи аль-хусумаат”, “матрукаи аль-муслимин”, “аль-авсия”, “дабту амвали аль-айтаам ва аль-мажаанин”, “укууду аль-анкиха”, “хукууку ас-сигаар”, “аль-авкаф аль-хайриййа”, “укууду аль-байъи ва аш-шираа”, “укууду ад-дайн ва ибрраху ва искаатуху”, “аль-умуур аль-хайриййа”* темалары менен тыгыз байланышта болгон.[35]

**Б. Аълам**

Кокон хандыгында аъламдык наамы сот мекемесинде эң билимдүү жана тажрыйбалуу адамга берилип келген.[36] Бул кызматка келүүнүн жолдору хандын өзү аъламды ишке коюусу,[37] казылык сынагына кирип толук балл алалбай казыдан аз бал алгандыгы үчүн казынын жардамчысы катары ишке баштоосу,[38] мекеменин эң астынкы кызматы болгон мырзалыктан баштап аъламдыка жогорулоо абалында болуп келген.[39] Кээде мекемеде

---

[27] Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 191-192-б; Кожоналиев, 38-б; Сооданбеков, 117-119-б.

[28] У. Султонов, *Каффол Шоший Мозори Вакфномалари*, Узбекистон Тарихи: Узбекистон Республикаси Фанлар Фанлар Академияси “Фан” Ношриёти, 2009, 1-чыг. 38-б.

[29] Мухаммед Ниёз Хукандий, 460-461-б.

[30] Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили*, 132-б.

[31] Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили*, 132-б.

[32] Юсубов, Шариф, Хуфия Катламалар, Ташкент: Маънавият, 1999, 65-66-б.

[33] Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 33, 173, 19-б; Давлетшин, 38,43, 2,45,38,40-б.

[34] Ферганской Область Краведический Музей

[35] Эшонова, 10-б; Ходжаев, 82-б.

[36] Бейсембиев, *Тариху Шахрухий Как Исторический Источник*, 68-б.

[37] Мадали хан (1822-1842) Молдо Салих Эшенди Оротөбө (Устуршан) шаарынын казыканасына аълам дайындоосу мунун далили. Сооданбеков, 119-б.

[38] Сооданбеков, 119-б; Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 173, 190-б.

иштеген муфтийлердин эң улуусу *“аълам”* деп табылгандыгынан *“баш муфтий”* деп да аталып келген.[40]

Аълам-мекемеге келген талаш-тартыш маселелер тууарасында муфтийлердин фатваларынын Ислам дининин негизги принциптерине шайкештигин текшерип, өзүнүн мөөрүнү баскан соң казыга берип, эгерде туура деп табылса бул фатваны мыйзамдаштырууну сунуштап турган.[41] Башкача айтканда аълам мекемеге келип түшкөн доолорго байланычтуу иш-чараларды жазып-чиймелеген казынын жардамчысы болгон. Аъламды бүгүнкү күндөгү адвокаттын жана Осмон империясындагы фатва amininin кызматыны аткарган деп айтууга болот.[42] Мурдагы Ислам мамлекеттеринде фатванын текстини даярдап казыга сунуштаган адамга *“мусаввид”* термини колдонулчу.[43] Аъламдын мекемедеги орду маанилүү болгондуктан, эгерде казы ооруп калса же аба ырайынын өтө суук же ысык болгондугуна байланычтуу келе албай калчу болсо, казынын милдеттерин убактылуу аткарып турганга укуктуу болгон.[44]

**B. Муфтий**

Шаръий сот мекемесинин фатва иштери менен алектенген негизги органдардын бирөөсү муфтий болгон. Муфтий-бул кызматка казылык сынагына кирип андан соң кызматка келүүсү, хан же жардамчыларынын аны муфтий деп түздөн-түз шайлоосу, мырзалыктан муфтийлик кызматына которулуу (жогорулоо) түрүндө келген.[45] Аталган мекемеде көптөгөн муфтийлердин биргеликте иш алып баруусу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп, булардын эң улуусу *“баш муфтий”,* андан башкалары болсо *“молло-молдо”* деп да аталып келген.[46] Ошону менен бирге кээде шаардын эн чоң шариаттык сот мекемесинде иштеген муфтийге да *“баш муфтий”*[47] наамы берилчү. Муфтийлер- аъламы жана мырзасы болбогон мекемелерде алардын аткарган кызматтарын да аткарып келишкен.[48]

Мекемеде расмий түрдө катталып иш алып барган муфтийлер мекемеге келип түшкөн доо арыздарга байланыштуу фикх китептериндеги фатваларды, риваяттарды, кавлдарды (ой-пикир) жыйнап аъламга жеткирүүгө милдеттүү болгон.[49] Кокон хандыгындагында эч кандай мекемеге катталбай өз алдынча иштеген муфтийлер жабырлануучу жана доогердин суранычы менен алардын вакили (өкүлү) катары соттук иштери менен алектенип келишкен. Бул муфтийлер соода-сатыкка, вакф иштерине ж.б. тиешелүү иштерди аткаруусу менен, азыркы күнүбүздөгү адвокаттардын кээ бир милдеттерин да аткарып келишкен.

Муфтийлердин жогоруда айтып өткөн иш чаралары, фатвалардын жабырлануучу жана доогердин буйругу менен даярдалуусу, адилеттүү сот системасынын отурукташбоосу өңдүү маселелер, Орус империясынын жергиликтүү сотторду модернизациалоо керектиги

---

[40] Мухаммад Хакимхон, 97-б.

[41] Наливкин-Наливкина, 56-б; Мухтарова, 40-б; Мухаммад Хакимхон, 97-б; Сооданбеков, 119-б; Пален, 5-б; Потанин, 223-б; Давлетшин, 36-37-б; Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 11-б.

[42] Erdoğan, s. 143.

[43] Erdoğan, s. 428.

[44] Наливкин-Наливкина, 56-б.

[45] Сооданбеков, 119-б; Султонов, *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили,* 132-б. Бул маалымат булагында 1845-1846 жылдары казы жана муфтийлер ошол учурдун Ташкент шаарынын акими Мырза Ахмат Кушбеги тарабынан мансапка дайындалгандыгы айтылат.

[46] Мухаммад Хакимхон, 97-б; Давлетшин, 36-б; Ешонова, 22-б.

[47] Мухаммад Хакимхон,18-б; Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 12-б.

[48] Давлетшин, 41-б. Давлетшиндин бул эмгегинде Өзгөндүн Куршаб айылындагы мекемеде иштеген жана Ош жана Андижан медреселеринде узун жылдар бою илим алган Тажумухаммед Дорду уулунун муфтийлик жана мырзалык кызматын бир убакта аткарып тургандыгы жазылган. Ошол эле Өзгөндүн башка шаарчасындагы Тохтар Шакур уулу жетектеген бир мекемеде иштеген муфтий, мекемеде аълам болбогондугунан улам аъламдык кызматын да аткарып тургандыгы да маалым.

[49] Наливкин-Наливкина, 56; Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 11-б; Сооданбеков, 119-б.

туурасында сунуштаган материалдары болгон.[50] Муфтийлер мекемеде аълам жана мырза болбосо алардын милдетин аткарган жана ошону менен бирге аймактагы мамлекеттик кызматчыларга насаат-керезин да айтып келишкен.[51] Баса белгилей кетчү нерсе муфтийлердин кээде мекеменин өкүмүнө (казынын өкүмүнө) карама каршы фатва бериши, *"фатва"* жана *"муфтий"* терминдеринин өз оорду менен колдонулгандыгынын да кабарчысы.[52]

**Г. Мырза (Мирза)**

Кураны Каримда *"катибу аль-адл"*[53] иретинде айтылып кеткен казыкананын катчылык кызматы Кокон хандыгында сыйлуу озуйпа деп табылып, нотариустук кызматынын кээ бир иштерини да камтыган. Мырза-муфтийлердин мекемеге келип түшкөн арыз-доолор жөнүндө берген фатваларын кагазга түшүрүп аъламга жеткизген жана ошондой эле казынын берген өкүмүнү каттоодон өткөрүп турган.[54] Мырза мекемеге келип түшкөн маселелерге карата казынын чыгарган өкүмүнүн эки нускасын жазып, алардын бирөөсүн жабырлануучуга экинчисин доогерге берип, анан өкүмдүн түпкү нускасын өкүм дептерине каттап коюп турган.[55]

Мырзалардын медреседе өзгөчө хусну аль-хатт (сулуу кол жазма) сабагына маани бериши, албетте алардын бул кызматка келүүсүнө себеп болгон. Кол жазмасынын сулуу болуусу үчүн Куранды башынан аягына чейин жазып чыгуу талап кылынган.[56] Муну менен бирге фикх илиминде мол тажрыйба жана маалыматка ээ болуу шарты да мырзалардан талап кылынган. Мухаммед Газий Маргинаний, Рахматуллах Файзуллаев, Нодиржан Абдулахатов сыяктуу изилдөөчүлөр бул шарттар бир гана мырзалардан гана талап кылынбастан, ошол эле убакта муфтий жана аъламдардан да талап кылынгандыгын айтып кетишкен. Мына ошондуктан бул талаптар XIX кылымдарда Орто Азияда исламий илимдердин арасынан өзгөчө фикх илиминин өсүп-өнүгүүсүнө түрткү болгон.[57]

**VII. Мекеме органдарынын таалим-тарбия алышы жана билим деңгээли**

Исламий сот мекемесинде иштеген кызматчылар мектеп жана медреседен турган эки категориядагы илим жолун басып өтүшкөн. Абдулахатов жана Файзуллаев ошол доордун билим берүү системасын 10-12 жылга божомолдогонун айтышса, ал эми Фитрат бул мөөнөттү 7 жыл деп көрсөткөн.[58] Хорошкин жана башка илимпоздор болсо бул мөөнөттү 15-20 деп белгилеп кетишкен.[59] Орус падышачылыгынын илимпозу Остроумов мектеп окуучуларырынын 5-7-10 жашта илим алып баштагандыгын, кат сабаты жоюлуп окуп жазганды үйрөнгөн соң *"мырза"* деген наам менен медресеге өтүүсүн, медреседеги окуучулардын *"таалибу аль-иълм"* деп аталгандыгын айтып өткөн.[60] Медреселердеги таалим-тарбия иштери багымдат намазынан кийин окуучулардын хужрага (сабак өтүлүүчү зал) топтолуусу, пешкадам (кат сабаты мыкты чыккан) окуучунун программада бекитилген китепти окуусу, мударристин (агай) окулган тексти ачыктоосу, 1-группа менен сабак бүткөн соң ушул эле методдо башка группа менен кечкечекти сабактын

---

[50] Пален, 5-б; Erşahin, *Türkistan'da İslam ve Müslümanlar*, s. 74; Эшонова, 23-б; Э. Феодоров, *Очерки Нацианаольно-Освободительного Движения Средней Азии,* Ташкент: 1925, 27-б; Кожоналиев, 39-б; Бобоев-Ж. Садиев-М. Ахмедова-З. Хидиров, *Узбек Давлатчилиги Тарихи*, 2-т, 368-369-б; Сооданбеков, 119-б; Султонов, *Каффол Шоший Мозори Вакфномалари*, 38-б.

[51] Давлетшин, 41-б.

[52] Эшонова, 22-б.

[53] Кураны Керим, 2/282.

[54] Мухаммед Хакимхон, 203-б; Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 11-б.

[55] Мухаммед Хакимхон, 203-б.

[56] Nalivkin-Nalivkina, s. 63; Muhammed Gâzi Mergînânî-Fayzullaev-Abdulahatov, s194.

[57] Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 11-б.

[58] Фитрат, 61-б; Р. Файзуллаев-Н. Абдулахатов, Мухаммад Юсуф Хазин Маргинаний, Ташкент: Шарк, 2013, 414-б.

[59] Хорошкин, 91-б.

[60] Н. П. Остроумов, *Журналь Министерства Народного Просвешения*, С. Петербкрг: 1907, 162-б.

улантылышы, ар бир намаздан кийин тамак-аштарга убакыт ажыратылышы абалында жүргүзүлгөн.[61]

Медреседе окутулган китептер жөнүндө илимпоз Каттаев *"Аввалу аль-иълм", "Кафия", "Шарху Молла Жами", "Фикху аль-Кайданий", "Шамсия", "Суллами", "Мухтасару аль-викая", "Тазхиб", "Талхис"* китептери окутулгандыгын айтып кеткен.[62] Хорошкин *"Иълму ас-сарфи аль-мазий", "Иълму ас-сарфи аз-Зинжаний", "Иълму ан-нахв", "Иълму ан-нахви аль-харакаат", "Хашияту Мир Саййид", "Хашияту Молла Ахмад", "Хашияту Молла Абдулхаким", "Акаиду аш-шуруух", "Китабу аль-казы аль-Мубарак", "Шарху мухтасари аль-викая", "Сабату аль-ажизийн", "Мантыку ат-тайр"* аттуу эмгектердин да окутулгандыгын белгилеп кеткен.[63]

Бул илимпоздор менен эле бирге Остроумов да *"Аввали ал-иълм", "Кафия", "Маслаку аль-муттакин"* китептери да окутулганын баса белгилеген.[64] Ташкент акими Абдуррахман (Сарымсак) 1845-жылы Абдулмутталиб деген илимдүү кишини Эшенбөрү Кожо Санчикманий Медресесине баш мударрис кылып шайлаган. Мына ошол Абдулмутталибдин атасы медресеге 23 даана китеп белек кылган жана алардын ичинде *"Тафсиру аз-Захравайн", "аль-Хидая", "Акаиду ан-Насафий", "Мухтасару аль-викая", "Жамиу ар-румууз", "Салату Масъудий"* аттуу китептердин орун алышы маанилүү.[65] Жогоруда айтып өткөн китептер менен бирге медреселерде *"Марифатнаама", "Маърифату ал-улум", "Маърифату аль-Афак"* атту чыгармалар да окутулуп келген.[66] Жогоруда айтып өткөндөй эле мектеп жана медреселерде 15-20 жыл ичинде бул китептер менен таанышып, атүгүл кээ бирлерин жат көтөргөн мектеп жана медресенин бүтүрүчүлөрү, ошол убактын эң мыкты дин таануучулары (кызматкери) болгон жана дин жаатындагы баардык иш чаралар ошолор тарабынан жүргүзүлүп турган.

## VIII. Мекеме органдары

Мекемеде иштөөнү каалагандар казы аль-каландын сынагынан өткөзүлгөн. Сынакта эң жогорку баллды алган казылыка, андан төмөнүрөөк даражаны колго кийирткен аъламдыка, андан кийинки даражадагылар муфтийлике, кол жазмасы сулуу болгондор мырзалыка көргөзүлгөн. Мекеменин бул кызматчылары түзмө-түз хан же анын жардамчысы тарабынан расмий түрдө дайындалган. Бул тема жөнүндө Каффол Шоший мүрзөсүнүн вафнаамасынын изилдөчүсү Султоновдун изилдөөсүндө, Алым хан (1898-1810) тарабынан Хижрий 1225-жылдын Жумаду аль-увла (1810-жыл, Июнь-Июль) айында Казы Мир Фузайл б. Ахунд Дамылла Салихти Ташкент шаарынын казылыгына атаган жарлыгы өтө маанилүү.[67] Ошону менен бирге Мухахмед Нияз Кокандий да өз эмгегинде, атактуу Молдо Салихбек Ахундун Маллахандын (1851-1862) доорунда хандын атайын жарлыгы менен баш казылыкка келгенин жазат.[68]

Казыларды иштен кетирүүдө да хандардын таасири күчтүү болгон. Худаяр хан доорунда (1865-1875) Фаргана шаарынын казысы бир аскердин мал-мүлкүн өгөй бир тууганына документтүү түрдө өткөрүп бергендиги үчүн хан тарбынан ишинен айдалуусу, маселе боюнча чыгарган өкүмүн туура эмес деп табылуусу, ал гана эмес сакалынын жарымын кырдырып көчөлөрдө айландыруусу, албетте бул маселе тууралуу пикирибизди дагы да бекемдөөдө.[69]

---

[61] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 15-16-б.
[62] Каттаев. 32-33-б.
[63] Хорошкин, 90-б.
[64] Остроумов, *Сарты-Этнографические Материалы*, 253-б.
[65] У. Султонов, *Мухаммад Салихожа ва Унинг Тарихи Жадидаи Ташкент Асари*, Ташкент: Узбекистон Басмахонаси, 2009, 159-160-б; Э. Ф. Абдухаимов, *Медресе в Туркестанском Крае (в конце XIX века),* Южно Казахский Университет им. М. Ауезова, 94-чыг. 3-б.
[66] Остроумов, Сарты-*Этнографические Материалы*, Каттаев, 32-39-б; Абдулахатов-Файзуллаев, 412-414-б.
[67] Султонов, *Каффол Шоший Мозори Вакфномалари*, 38-б.
[68] Ниёз Мухаммад Хукандий, 460-461-б.
[69] Ниёз Мухаммад Хукандий, 333-б.

Мекемедеги кесип боюнча жогорулоо мырзанын муфтий, муфтийдин аълам, аъламдын казы, казынын казы аль-каландыкка которулуу иретинде болгон. Хожахан Кожо Ражъий Маргинаний (1843-1918) Бухарадагы Мир Арап Медресесинде 18-19 жыл илим алып кайткандан кийин, Маргинан шаарынын Ташмазар айылындагы мекемеде катчы, андан соң муфтий жана аълам, андан кийин казы жана казы аль-каландыкка чейин көтөрүлүшү бул темадагы пикирибизди ырастап калат.[70]

**IX. Казылардын айлык маянасы**

Кокон хандыгында казыларга мамлекет тарабынан айлык-акы убада кылынганына карабай казыларга айлык төлөнгөн эмес. Мына ошондуктан казылардын маянасы-маселени кароодон мурда доогер менен жабырлануучу же доогер тарабынан төлөнгөн.[71] Ад эми жалпылай мекеменин маселе боюнча иш алып баргандагы каржылаган каражаттары, маселе тууралуу берилген өкүмдүн (жазанын) 100%10 пайызына жеткен жана бул көрсөтүлгөн өлчөмдүн 10%3 пайызы мырзага тиешелүү болгон. XX кылымдын баштарында Орто Азиянын казылары ар бир арыз-муңга өзгөчө бааларды бычып алышкан. Бирок булардын баасы көбүнчө жогоруда көрсөтүлгөн 10 пайызды чапчып өткөн эмес.[72]

**Корутунду**

Кокон хандыгынын сот тармагында мол тажрыйбасы жана отурукташкан соттук системасы болгон. Хандыктын соттук системасы жогорку сот, казы аль-аскардык сот, хисба мекемеси, казы аль-каландык мекемеси, казылык соту абалында түзүлүп, алардын ар бири өздөрүнүн тармагы боюнча иш алып барган.

Жогорку сот хандыктагы саясий маселелерди контролдосо, казы аль-аскардык сот көбүнчө аскерий багыттагы арыз-муңдарды көзөмөлдөп өкүм чыгарып турган. Хисба мекемеси хандыктагы коомдук маселелерди бир өкүмгө байлоодо укуктуу болуп, негизинен калктын тынчтыгы жана бейпилдигинен жоопко тартылган жана бул тармактагы кээ бир доолор алар тарабынан чечимге байланган.

Казы аль-каландык жана казылык мекемеси жогоруда атап өткөн саясий жана коомдук маселелерден сырткаркы диний маселелерде өкүм чыгарууга укуктуу болушкан. Казы аль-каландык мекемеси хандыктын соттук жаатындагы баардык иштерден жооптуу болгондугу үчүн, бул багытта иштеген кызматчылардын таалим-тарбиясы, ишке алынып-иштен айдалуусу, шаръий мекемелердин түзүлүшү жана иштөөсү, казылар жыйынын өткөзүү, эң оор маселелердин чечилүүсүндө кең укука ээ болгон.

Жеткиликтүү илим жана тажрыйбага ээ болгон казылар баардык диний талаш-тартыш маселелеринде өкүм чыгарууга укуктуу болгон жана ошондой эле карапайым калктын жашоосуна багыт берген мамлекеттин өзгөчө адамдары болушкан. Кокон хандыгынын Кыргыздар жана Казактар жашаган аймактарында жергиликтүү үрп-адаттын негизинде казылык мекемелерине параллель иш алып барган *“Бий соту-Бий мекемелери”* болгон жана бул тема кийинки макалаларыбыздан орун алмакчы.

**Адабияттар:**

1. Абдурахимова, А., - Исакова, М. С., - Сулайманова, З.М., *Давлат Муассасалари Тарихи*, Ташкент, Шарк Нашриёт, - 2007.

2. Абдухаимов, Э. Ф., *Медресе в Туркестанском Крае (в конце XIX века),* Южно Казахский Университет им. М. Ауезова, 94-чыг. - б.3.

3. Атаханов, Файзуллах, *Кукон Хонлигидаги Диний Унвон ва Мансаблар*, Имом аль-Бухарий Сабоклари, - 2010, 3-чыг. - б.214-216.

4. Бабабеков, Х. Н., *История Коканда*, Ташкент: Фан, - 2006.

[70] Мухаммед Газий Маргинаний-Файзуллаев-Абдулахатов, 173, 192-193, 318-б; Файзуллаев-Абдулахатов, 475-478-б.

[71] Эшенова, 15-16-б.

[72] Эшенова, 15-16-б.

5. Бабажанов, М., *Кокандское Ханство; Власть, Политика, Релегия,* Токио-Ташкент: Nihu Program İslamic Area Studies Center At The University Of Tokyo (TİAS) и Институт Востоковедения Акакдемии Наук Республики Узбекистан, - 2010.
6. Бейсембиев,Т. К., *Кокандская Историография*, Алматы: ТОО “Print-S”, - 2009.
7. *Тарихи Шахрухий Как Исторический Источник*, Алматы: Издательство “НАУКА” Казахской ССР, - 1987.
8. Бекмирзаев, И. И., *Казийские Учреждения в Мавераннахре: Возниковение и Развитие-Исторической и Правовой Анализ*, Вестник Чельябинского Государственного Университета, - 2012, 33-чыг., - б.130-134.
9. Бобоев-Ж. Садиев-М. Ахмедова-З. Хидиров, *Узбек Давлатчилиги Тарихи*, 2-т.
10. Bulduk, Üçler, *Hokand Hanlığı ve İbret'in Fergana Tarihi*, Ankara: Berikan Yayınları, - 2006.
11. Давлетшин, Капитан, *Отчет Капитана Давлетшина по Командировка в Туркестанский Крае и Степния Области для Ознокомления с Деятельность Народных Судов*, С. Петерберг: М. М. Стасюлевич, - 1901.
12. Egamberdiev, M., *Çarlık Rusya'nın Türkistandaki Eğitim Politikası*, Gâzi Üniversitesi Kırşehir Eğitim Fakültesi, c. 6, sy. 1, (2005), - C.103-108.
13. Erdoğan, Mehmet, *Fıkıh ve Hukuk Terimleri Sözlüğü,* 2. Baskı, İstanbul: Ensar Neşriyat, - 2005.
14. Erşahin, Seyfettin, *Buhara'da Cedidçilik Eğitimi Reformu-Münazara ve Hind Seyyahının Kıssası,* Ankara: T. C. Kültür Bakanlığı, - 2000.
15. *Buhara'da Ceditçilik Eğitimi Islahatı Tartışmaları ve Abdurrauf Fıtrat,* Dinî Araştırmalar, Ocak-Nisan, - 1999, c. 1, sy. 3, - C. 213-255;
16. *Türkistan'da İslam ve Müsülmanlık*, 2. Baskı, Ankara: Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, - 2007.
17. Kanar, Mehmet, *Büyük Farsça-Türkçe Sözlük*, İstanbul: Birim Yayıncılık, - 1993.
Kenensariev, Timur, *The Kyrgyz and Kokand Khanate,* Osh: The Osh State University, - 2000.
18. Каттаев, К., *Самаркант Мадрасалари ва Иълму Фан Риважи*, Самаркант: Зарафшан Басмаканасы, - 2003.
19. Mutçalı, Serdar, *el-Mu'cemü'l-Arabiyi'l-Hadîs*, İstanbul: Dağarcık Yayınları, - 1995.
20. Мухтарова, А., *Материалы по Истории Ура-Тюбе: Сборник Актов XVII-XIX вв*. Москва: Издательство Восточный Литературы, - 1963.
21. Şeyhülislâm Burhanuddin Ebi'l-Hasan Ali b. Ebibekr b. Abdilcalîl er-Rişdânî el-Mergînânî, *el-Hidâye Şerhi Bidâyeti'l-Mübtedi*, İstanbul: Dâru'l-Kahraman, - 1986, - C. 3.
22. Ziyaev, Hamid, *Türkistan'da Rus Hâkimiyetine Karşı Mücadele,* Çev., A. Çelikbay, Ankara: Türk Tarih Kurumu, - 2007.
23. аш-Шариф Али б. Мухаммед аль-Журжаний, *Китабу ат-Таърифат*, 1. Басма, Байрут: Дару аль-Кутубу аль-Иълмиййа, - 1983.
24. Ибрахим Увайс-Абдулхалим Мунтасыр-Атиййа Саралихи-Мухаммед Халфуллах Ахмед, *Муъжаму аль-Васит*, 2. Баскы, Стамбул:аль-Мактаба аль-Исламиййа, 2-т.
25. Исхакхон Төра Ибрат, *Тариху Фаргана*, Ташкент; Маънавиёт Басмаканасы, - 2005.
26. Кожоналиев, С. К., *Суд и Уголовное Обычное Право Кыргызов до Октябрьской Революции,* Фрунзе: Издательство Академии Наук Кыргызской ССР, - 1963.
27. Магзуний (Максым), Зиябидин, *Фергана Хандарынын Тарыхы*, Бишкек: Турар Басмаканасы, - 2007.
28. Мирза Шамс Бухарий, *О Некоторые Событиях в Бухаре, Хоканд и Кашгар*, Казан: Учения Записки Казанскаго Унивеpмитета, - 1861.
29. Мирзо Олим Махмуд Хожи, *Тарихи Туркистон*, Ташкент: Яңги Оср Авлоди, - 2009.
Мирзо Олим Мушриф, *Ансабу ас-Салатин ва Тавариху аль-Хавакин (Кукон Хонлиги Тарихи)*, Ташкент: Гофур Гулом Номидаги Адобиёт ва Санъат Ношриёти, - 1995.
30. Мухаммад Газий Маргинаний-Р. Файзуллаев-Н. Абдулахатов, *Хожахон Хожа Ражъий Маргинаний*, Ташкент: Ношир, - 2016.

31. Мухаммад Хакимхон, *Мунтабу ат-Таварих*, Ташкент: Яңги Аср Авлоди Басмаканасы, - 2009.
32. Набиев, Рашидбек Набиевич, *Вакфное Хозавйство Кокандского Хозайства*, Ташкент: Институт Востоковедения им. Абу Райхана Беруний-Институт Истории Народов Средней Азии им. Махпират, - 2010.
33. Наливкин, В. И., *Краткая История Кокандского Ханства*, Казан: Типография Импараторскаго Университета, - 1886.
34. Наливкин, В., - Наливкина, М., *Очерк Быта Женщины Оседлаго Туземнаго Населения Ферганы*, Казан: Типография Императорскаго Университета, - 1886.
35. Ниёз Мухаммед Хукандий, *Ибрату аль-Хавакин (Тариху Шахрухий)-Худоёрхон Авлодлари Тарихи,* Ташкент: Турон Замин Зиё Басмаканасы, - 2014.
39. Остроумов, Н. П., *Сарты-Этнографические Материалы*, Ташкент: Типо-Литография торг. Дома "Ф. и Г. Бр. Каменские", - 1896.
40. *Журналь Министерства Народного Просвешения*, С. Петербкрг: - 1907.
41. Пален, К. К., *Отчет по Ревизии Туркестанскаго Края Произведенной по Высочайщему Повелению Сенатором Гофмейстром Графом К. К. Паленом-Народные Суды Туркестанскаго Края,* С. Петербург: Сенатская Типография, - 1909.
42. Потанин, Н. И., *Кыргызские Степи Кокандского Ханства в Начале XIX Столетия по Описанию Губерскаго Правления,* - 1892.
43. Сооданбеков, С. С., *Общественний и Государственний Строй Кокандсого Ханства*, Бишкек: Кыргызский Национальный Университет Юридический Институт, - 2000.
44. Уктамбек, Султонов, *Каффол Шоший Мозори Вакфномалари*, Узбекистон Тарихи: Узбекистон Республикаси Фанлар Фанлар Академияси "Фан" Нoшриёти, - 2009, 1-чыг. - б.36-40.
45. *Кукон Хони Султон Сайийдханнинг Тошкендаги Вакфномаси Хакида*, Фаргона: Фаргона Водийси Янги Тодкикотларда, - 2009, - б.198-201.
46. *Кукон Хонлиги Даврида Тошкент Козиларини Таъйинлаш Хакидаги Ярликлар Тахлили,* Узбекистон Республикасси Олий ва Орта Махсус Таълим Вазирлиги Захириддин Мухаммад Бобур Номли Андижон Давлат Университети, Фаргона Водиси Тарихи Яңги Тадкикотларда-Республика Иламий Амалий Конферансияси Материаллари, Андижон: 24-Февраль, - 2015, - б.131-133.
47. *Мухаммад Салихожа ва Унинг Тарихи Жадидаи Ташкент Асари*, Ташкент: Узбекистон Басмахонаси, - 2009.
48. Файзуллаев, Р., - Абдулахатов, Н., *Мухаммад Юсуф Хазин Маргинаний*, Ташкент: Шарк, - 2013.
49. Феодоров, Э., *Очерки Нацианаольно-Освободительного Движения Средней Азии,* Ташкент: - 1925.
50. Ханыков, Н., *Описание Бухарскаго Ханства*, Санк Петербург: Импараторской Академии Наук, - 1843.
51. Ходжаев, Ф., *Избранные Труды*, Ташкент: Фан, - 1970.
52. Хорошкин, П., *Очерки Ташкента-Сборник Статей Касаюшихся до Туркестансого* 53. *Края,* С. Петербург: Типография и Хромолитография Л. Трайщеля, - 1876.
54. Эшонова, Нодирохан, *Орта Осиёда Козилик Судлари Фаолиятининг Хукукий Асослари (XIX-Асрниг Иккинчи Ярими ва XX-Асрнинг 20-йиллари)*, Ташкент: Фан ва Таълим Полиграф Басмаканасы, - 2010.
55. Юсубов, Шариф, Хуфия Катламалар, Ташкент: Маънавият, - 1999, - б.65-66.